**Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультетинин окуу, окуу-методикалык, илимий-уюштуруучулук жана тарбия иштерин жакшыртуу ишмердүүлүгү боюнча отчету**

Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети Ж.Баласагын атындагы КУУнун структуралык бөлүмүнүн бири болуп саналат, 580900 "Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу" багыты боюнча бакалавр, магистр программаларынын негизинде адистерди даярдайт.

Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети тажрыйбалуулугу менен өнүгүү жолунда үчүнчү он жылдыкка кирип, биздин өлкөдө жогорку билим алууну өнүктүрүүдө өзүнүн салымын кошуп келет.

Факультеттин өнүгүү артыкчылыктары факультеттин миссиясында камтылган.

**Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультетинин миссиясы:**
**- Кыргызстандын инновациялык өнүгүүсүнө салым кошуу;**
**-мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу чөйрөсүнө жогорку профессионалдуу жана социалдык жоопкерчиликтүү адистерди даярдоо;**
**- коомдук өнөктөштүктүн негизинде долбоорлорду жана программаларды башкарууну ишке ашыруу;**
**- факультеттик коомчулукту өнүктүрүү: чыгармачылык, компетенттүүлүк, өзүн-өзү өнүктүрүүгө негизделген.**

Миссияны аткаруу факультеттин жети стратегиялык багыттарды ишке ашыруу менен белгиленет:
- билим берүү ишмердүүлүгү;
- факультеттин башкаруу системасын өнүктүрүү;
- факультеттин материалдык базасын жана инфраструктурасын өркүндөтүү;
- инновацияларды жана илимий-изилдөө иштерин өнүктүрүү;
- билим берүү кызмат көрсөтүүлөрдүн маркетинги;
- кадрдык потенциалды өнүктүрүү;
- студенттик демилгелерди жана өзүн-өзү башкарууну өнүктүрүү.

Факультеттин отчеттук мезгилинде өзунун ишмердүүлүгүн төмөнкү ченемдик укуктук актылардын негизинде ишке ашырып келет:
- КРнын «Билим беррүү» жөнүндө мыйзамы;
- Ж.Баласагын атындагы КУУнун Уставы;
- Ж.Баласагын атындагы КУУнун локалдык актылары;
- Ж.Баласагын атындагы КУУнун 2012-2020жылдарга өнүгүү Концепциясы (Протокол №1 28.09.2012ж.);
- Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультетинин 2016-2021жылдарга өнүгүү Концепциясы ( Протокол №6 02.02.2016ж.).

1. Билим берүүнүү жакшыртууга багытталган иш-аракеттер

1.1 Негизги билим берүү программаларын ишке ашыруу

Билим берүү жараяны факультеттин ишмердүүлүгүндө эн негизги элементи болуп эсептелет. Негизги стратегиялык приоритеттери болуп эмгек базарыннын талаптарына ылайыктуу жогорку квалификациялуу атаандаштыкка татыктуу кадрларды даярдоо. Ошонун негизинде факультеттин ишмердүүлүгунүн максаты болуп:
- негизги жана кошумча билим берүү программаларынын жогорку сапатын камсыз кылуу.

Коюлган максаттарга жетишүүгө жана билимдин сапатын арттыруу багытында факультеттин окутуучулар жамааты төмөнкү иш-чараларды уюштуруп келет:

1) Окутуучулардын сабактарды өткөрүүсүндө инновациялык технологиялар кенири колдонулат. Инновациалык технологияларды колдонуу төмөндөгү максаттарды ишке

ашырууга жардам берет: студенттин өзүнүн билим берүү ишмердүүлүгүнүн субьектиси катары жеке билим берүү маршрутун түзүп алууга жана өзүнүн билим алуусунун жыйынтыктарына жоопкерчиликте болуусун; заманбап адистерди даярдоонун сапатын сезилээрлик жогорулатат, окуу процессиндеги өз алдынча иштөөнүн маанисин жана ролун арттырат. Студенттердин окуудагы жетишкендирин көзөмөлдөөнү оптималдаштырат.

Окутуучулардын ишмердүүлүгүндө окутуунун жаны формаларын жана ыкмаларын киргизүү төмөндөгү максаттарга багытталган:

- окутуунун технологияларын коомдук өнүгүүнүн азыркы талаптарына, шарттарына ылайыкташтыруу;
- окуу процессинде репродуктивдик ыкмаларды колдонуудан баш тартуу;
- зарыл болгон жалпы жана профессионалдык компетенцияларды калыптандыруу жана студенттердин өз алдынча иштеринин жаны формаларын иштеп чыгуу;
- окутуунун технологияларын жаныртуу жаатында окутуучулардын ортосунда тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу.

Окуу процессинде дискуссияларды, дебаттарды, диспут сабактарды, талкулоолордун ар кандай түрлөрү кенири колдонуу. Мисалы, кафедраларда заманбап мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу боюнча «Семинар- дискуссия» форматындагы семинар сабактар коп өткөрүлөт. Мында студенттер мазмундуу презентация кылышып аны аудиториянын астында презентация кылышат. Мындай формадагы дискуссияларда алар өз пикирлерин, идеяларын, долбоорлорун аргументациялоого жана чыгармачылык көндүмдөргө даяр болушат. Мындай дискуссиялык сабактарды колдонуу «Мамлекеттик башкаруу системасы», «Саясий бюрократия», «Шайлоолорду өткөрүү технологиялары жана шайлоо системалары», «Саясий менеджмент», «Мамлекеттин агрардык саясаты», «Мамлекеттин бажы саясаты» ж.б. сабактарында кенири таралган.

Ар кандай сабактарды окутууда кейстик метод кенири колдонулат. Аны колдонуу келечектеги профессионал адистердин көйгөйлөрдү тура аныктоого, аларды чечүү жолдорун сунуштоо, коммуникабелдүүлүк, лидерлик сапаттарын арттырат жана чон көлөмдөгү маалыматтарды анализдей билүүгө шарт түзөт. Кейстик ыкма «Антикризистик башкаруу», «Корпоративдик башкаруунун негиздери», «Социалдык менеджмент», «Кызматтык карьера» ж.б. сабактарда кенири колдонулат.

Ошондой эле факультетте сабактарды өткөрүү практикасында ишкердик оюн ыкмасы дагы активдүү колдонулат. Ишкер оюнун ыкмасынын артыкчылыгы анда катышкандар оюндук кырдаалдарга жараша моделдештирүүнүн негиздерин талкулоо жана кырдаалга баш оту менен кирүү аркылуу практикалык суроолорго жооп берүүгө үйрөнүшөт. Оюндук ыкма «Корпоративдик башкаруу», «Инвестициялык ишмердүлүүктү башкаруу», «Кадрдык саясаттын негиздери» ж.б. сабактарда колдонулат.

Жалпысынан окуу процессинде окутуунун жаны формаларын колдонуу окутуучуларга да студенттерге да жаны маалымат технологияларды өздөштүрүүгө шарт түзөт жана студенттерде профессионалдык компетенциялардын калыптанышына түрткү берет, ошондой эле окуу методикалык ресурстар базасынын толукталышына шарт түзөт.

2) 580900 "Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу" багыты боюнча (бакалавр, магистратура) жумушчу окуу пландарына иш берүүчүлөр менен бирдикте өзгөртүүлөр киргизилди. (Тегерек столдор өтүлдү). Жыйынтыгында бүтүрүүчүлөр эн негизги жана маанилүү кесиптик компетенцияларга ээ болот.

3) 1-2 курстар орусча-кыргызча тайпага бөлүнүп, иш программалар, дарстар кыргыз тилинде иштелип чыгып, сабактар өткөрүлүп жатат.

4) Көрүнүктүү коомдук ишмерлер, мамлекеттик кызматчыларды чакыруу менен конок лекциалары өткөрүү факультете салтка айланган.( Экс-башкы прокурор Байболов К.К, экс финансы министри Кожошев А., Кыргыз-Россия өнүктүрүү фондунун төрагасы Асрандиев А.А, «Мекен ынтымагы» саясий партиясынын лидери Асанбеков Т.И,

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун окуу борборунун өкүлдөрү, Кыргызконцепт АК президенти Э.Уметалиев ж.б).

Мындай иш-чаралар студенттердин билиминин ар-тараптуу өнүктүрүүгө жана шыктануусуна жол ачат.

2017-2018окуу жылында 580900 "Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу" багыты боюнча магистрлик программасы ийгиликтүү аккредитациядан өттү.

1.2. Кабыл алуу, контингент, окуудан чыгаруу

Билим берүү процессинин маанилүү бөлүгү болуп анын сапатына абитуриенттердин даярдыгынын деңгээлине эсептелет. Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультетинин студенттердин отчеттук мезгил учурундагы кабыл алынган динамикасы 1-таблицада көрсөтүлгөн.


**Студенттерди кабыл алуу 2016-2018жж.**

Таблица №1

| Жылдар | Бакалавр (күндүзгү) | Бакалавр (сырттан) окуу) | Магистратура (күндүзгү) | Магистратура (сырттан) окуу) | Баары |
|---|---|---|---|---|---|
| 2016-2017 окуу жылы | 69 | 19 | 10 | 2 | 100 |
| 2017-2018 окуу жылы | 65 | 16 | 5 | 6 | 92 |
| 2018-2019 окуу жылы | 71 | | | 17 | 88 |

1-Таблицадагы талдоо боюнча студенттерди кабыл алуунун саны азайып калганы боюнча жыйынтык чыгарсак болот. Анын себеби сыртан окуу бөлүмүнө кабыл алуу токтотулганына байланыштуу.

Диаграмма 1




Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультетинин жалпы студенттеринин 01.12.2018жылында саны 330 студентти түзөт, алардын ичинен күндүзгү окуу бөлүмүндө окуган студенттер 226(68%), сырттан окуган студенттер 104 (32%).

**Окуудан чыгаруу 2016-2018жж.**

Таблица №2

| Жылдар | Күндүзгү | Сырттан | Баары |
|---|---|---|---|
| 2016-2017 окуу жылы | 34 | 39 | 73 |
| 2017-2018 окуу жылы | 22 | 21 | 43 |
| 2018-2019 окуу жылы | 9 | 1 | 10 |

Диаграмма 2.




Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультетинин кафедралары, илимий, өндүрүштүк жана билим берүүнү өнүктүрүшөт, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен байланыш түзүшөт, эмгек рыногунун өнүгүү тенденциясынын негизинде атайын дисциплиналарга жана практикалардын программаларына өзгөртүүлөрдү киргизет. Мындан тышкары факультеттин кафедраларында бүтүрүүчүлөрдүн арасында анкета жүргүзүлөт, студенттерди келечектеги ишке орноштуруу боюнча жана иш менен камсыз кылуу жөнүндө маалыматтарды чогултуу жүзөгө ашырылат.

Эмгек рыногунун жана билим берүү системасынын өз ара таасир этүүсүндө негизги фактор болуп профессионалдык стандарттарды колдонуу саналат. Ошентип факультеттин жана жумуш берүүчүлөрдүн стратегиялык өнөктөштүгүн өнүктүрүү бүтүрүүчүлөрдө иш менен камсыз кылуу көйгөйүн чечүүгө жол ачат.


Кафедралардын окутуучу- профессордук курамынын жалпы саны -20, алардын ичинен негизги жумуш ордунда-20.

Илимдин доктору -1;

Илимдин кандидаттары -7;

Ага окутуучулар -5.

Диаграмма 3.




Кафедралардын окутуучу- профессордук курамынын орточо жаш курагы 2017-2018 окуу жылына карата 39 жашты түзөт.

## 2. Окуу-методикалык иштер

Отчеттук мезгилде факультетте төмөндөгүдөй окуу-методикалык иштер ар дайым аткарылып турду:

- баардык окулган курстар боюнча негизги профессионалдык билим берүү программаларын жаңылоо;
- факультет тарабынан басып чыгарууга сунушталган окуу-методикалык материалдарды талкулоо;
- иштелип чыккан окуу пландарын өркүндөтүү жана МОС ЖПО ылайыктоо;
- окуу-методикалык материалдар менен камсыздоо баалоо каражаттарын МОС ЖПОнун стандарттарына ылайыктоо;
- бүтүрүүчү квалификациялык жана курстук иштердин темаларын жаңыртуу;
-кафедралардын экзамендик сессияга даярдыгы;
- экзамендердин жана консультациялардын расписаниесин түзүүгө көзөмөлдүк кылуу;
- кафедралардын жаңы окуу жылына даярдыгын уюштуруу жана ички көзөмөлдү жүргүзүү.

Окуу процессинин заманбап формаларын жана окутуунун жаңы ыкмаларын колдонуу.

Окутуучулук курам лекциялык сабактарды өткөзүүнүн ыкмаларына зарыл болгон жаңы жаңылыктарды киргизүүгө жана окуу процессинде инновациялык технологияларды киргизүүгө жана өздөштүрүүгө өзгөчө көнүл бурат.

Факультеттин окуу-методикалык иштери кафедралардын методикалык планына ылайык түзүлөт. Тактап айтканда ОПК (окутуучу профессордук курам) өздөрү окуган сабактар боюнча кафедраларда талкуулангандан кийин, жумушчу программалар факультеттин ОМКнын талкууланып анан бекитилет. Бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштерин, магистрлик диссертациялардын, курстук иштердин темалары коомдогу, мамлекеттеги актуалдуу проблемалардын негизинде иштелип чыгып бекитилип турат.

## 3. Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу

Ишке жайгаштыруу чөйрөсүндөгү жогорку конкуренцияга карабай факультеттин бүтүрүүчүлөрүнүн көпчүлүгү эмгек рыногунда өз ордун табышууда. Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультетинде бүтүрүүчүлөрдүн маалыматтык базасы түзүлгөн жана ал толукталып, жаңыланып турат.

Биздин бүтүрүүчүлөр өлкө боюнча: КРнын Жогорку Кенешинде, Президенттик аппаратта, Өкмөттүн аппаратында, шаар мэрияларында жана айыл-өкмөттөрүндө иштешет.


Бүтүрүүчүлөрдүн акыркы 3 жыл боюнча саны жана алардын ишке орношуусу боюнча маалыматтары:

2016ж. окуу жылындагы бүтүрүүчүлөр  -73, алардын ичинен ишке орношкону -42 (58%);

2017ж. окуу жылындагы бүтүрүүчүлөр – 77, алардын ичинен ишке орношкону -57 (78%);

2018ж. окуу жылындагы бүтүрүүчүлөр – 66, алардын ичинен ишке орношкону -56 (86%).

Диаграмма 4.




**4. Окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатууну уюштуруу**

Кадрдык камсыздоо жана адистерди даярдоо иши боюнча окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатууга зор көңүл бурулууда.

Квалификацияны жогорулатуу факультетте төмөнкү багыттар боюнча жүзөгө ашырылат:

- аспирантурада окутуу. Ушул учурда 7 штаттык кызматкерлеринин – изденүүчү, докторантурада 1 штаттагы кызматкери.
- Квалификацияны жогорулатуу курстарынан өтүү (кийин сертификатын алуу).

Акыркы жылдары факультеттин окутуучулук курамы өзүлөрүнүн квалификациясын төмөнкү багыттарда жогорулатышты:

1. КР УИА илимий-виртуалдык китепканасын пайдалануу боюнча курсу;
2. Ж. Баласагын Атындагы КУУнун " Жогорку экономикалык мектептин мугалими" курсу.
3. Кесиптик өнүктүрүү боюнча усулдук семинар КУУ + USAID. Биргелешкен өнүктүрүү боюнча программа.
4. "Заманбап инновациялык технологияларын жана ыкмаларын окутуу" курсу "Академия-жогорку билим берүү "TeachEx" коомдук фонду.

- Кредиттик технологияларды колдонууга киргизүү,  студенттердин өз алдынча иштерин, тесттерди иштеп чыгуу боюнча тренингдерге катышуу.

Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу менен байланышкан маселелерди факультеттин окуу-усулдук комиссиянын жыйындарында каралат. Кароонун жыйынтыгында окутуучулар курамынынын  билимин өркүндөтүүгө жана жогорулатууга багытталган иш-чараларды уюштуруу маселелери боюнча чечимдер кабыл алынат, сунуштар иштелип чыгат.

Төмөндөгү окутуучулар 2017-2018жж окуу жылында квалификациясын жогорулатуу курстарынан өттү.

| № | Ф.А.А. | Курстун аталышы | Өткөн жери | Жылы | Күбөлүк |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Базакеева К.Ж, Нурматова Г.А, Акунова А.М., Кожобекова Н.К., | «ECTS» кредиттик системасын колдонуу, окуу | Ж. Баласагын атындагы КУУ | 2017 | Сертификат |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Ибраева В.С, Жолдубай кызы Н, Айдашов Н.С. | процессин уюштуруу | | | |
| | | Профессионалдык билим берүү программаны көз карандысыз аккредитациядан өткөрүү | АОПО | 2017 | |
| 2 | Нурматова Г.А, Сыдыкбаев Ч.М., Айдашов Н.С., | Улут аралык мамилелер жана гендери, диндик маселелер жаатында мамлекеттик саясат | Центр исследования религиозных ситуаций Гос.комиссия по Религии КР | 2017 | Сертификат |
| 3 | Сыдыкбаев Ч.М., Нурматова Г.А, Акунова А.М., Кожобекова Н.К. Айдашов Н.С., | Билим берүүнүн сапатын башкаруунун Инновациялык технологиялары теория жана практика | Ж. Баласагын атындагы КУУ | 2017 | Сертификат |

**5. Факультеттин илимий-изилдөө ишин жүргүзүү**

Илимий-изилдөө иши факультеттин ишинин негизги бир бөлүгү болуп саналат. Илимий-изилдөө иштин негизги элементтери болуп төмөнкүлөр саналат:

–илимий изилдөө иштеринин натыйжаларын алдыңкы рецензиялануучу ата мекендик жана чет элдик басылмаларда жарыялоо,;

–илимий-изилдөө чөйрөсүндө Кыргызстандын жана чет элдик окуу жайлар менен өз ара аракеттенүү иштерин өнүктүрүү;

– окутуучулардын жана студенттердин республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда жана семинарларда катышуу;

–Студенттердин илимий иштерге багытталган конкурстарга катышуу.

Факультеттин илимий изилдөө иштери пландаштырылган иш-чаралардын негизинде уюштурулуп жана өткөрүлүп жатат.

Факультеттин илимий иштери «Мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу институтун өркүндөтүү» деген теманын алкагында жүргүзүлүп келет. Профессордук-окутуучулар курамынын илимий макалалары Кыргыз мамлекетинин ар кандай рецензиялануучу журналдарга жарыяланып, монографиялары, окуу китептери жарык көрүп келе жатат. Азыркы учурда мамлекеттик жана муниципалдык кафедрасынын доценти Алымкуловдун эн көлөмдүү монографиясы жазылып бүтүп жатат, доцент Базакееванын «Мамлекеттик кызматтын теориясы жана практикасы» окуу китеби кыргызчага которулуп жатат. Мамлекетти экономикалык жөнгө салуу кафедрасынын ага октуучусу Кадыр уулу Алмаз кандидаттык диссертациясын аяктап, жактоого даяр болуп турат.

02.02.2018 жылы саясат илимдеринин кандидаты, доцент Нурматова Г.А. КР Президентинин алдындагы Башкаруу Академиясы өткөргөн, Ханс Зайдел Фонду менен биргеликте өткөрүлгөн семинарга «Определение содержании обучение и повышение квалификации государственных и муниципальных служащих аспекты качества обучения» аттуу темада доклад жасады. 26.03.2018- 30.03.2018 жылда Нурматова Г.А. «Билим

берүүдөгү менеджмент» багыты боюнча квалификациясын жогорулатуу курсунан өттү. 27.06.2018 жылы Нурматова Г.А., Жолдубай кызы Н., Айдашов Н.С., Азербайжан Демократиялык Республикасынын 100 жылдыгына арналган эл аралык конференцияга катышышты. 20.04.2018 жылы Нурматова Г.А. Букуев Нурдин Кумушбековичтин «Политический протест в современной общественно - политической жизни КР» 23. «Саясий улуттар, саясий процесстер технологиялар» адистиги боюнча кандидаттык диссертациясына жана ошондой эле 25.05.2018 жылы Сыдыкбаев Ч.М. Сатылганова Анаранын «КТРК саясий процесстерде» аттуу темадагы 23.00.02 адистиги боюнча кандидаттык диссертациясына оппонент боло алышты.

**Студенттердин конференция семинарларга катышуусу.**

Май айында 4-курстун студенти Искендерова Айтурган ОШМУи тарабынан уюштурулган илимий-практикалык конференцияга катышып «Жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы социалдык-экономикалык өнүктүрүүдөгү мамлекеттик башкаруу» деген темада доклад окуп II орунду ээледи. Жана ошондой эле 3-курстун студенти Сатыбалдиев Токтор 14-июнда КРнын Президентинин алдындагы Башкаруу академиясы тарабынан уюштурлган III ЖОЖдор арасындагы илимий практикалык конференцияда «Муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн азыркы кездеги абалы» деген темада доклад жасады. Факультеттин «Чиновники» аттуу командасы Ж.Баласагын атындагы КУУи өткөргөн Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына арналган дебатта I даражадагы диплом менен сыйланды. Факультеттин студентттери «Аскар Салымбековдун фонду» тарабынан уюштурулган иш чарада «Энкаунтер» аттуу интелектуалдык оюнда III орунду ээлегендиги үчүн сертификат менен сыйланды. 2018-жылдын 14-декабрында башкы имараттагы кичи жыйындар залында КУУнун ректору Канат Садыков активист студенттерге “Садыков-Донгсан”стипендиясын Студенттер сенатынын төрагасы 4-курсунун студенти Сатыбалдиев Токторго да тапшырылды.

## 6. Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультетинин окуу тарбиялык иштери.

Окуу тарбиялык иштер студенттер арасында, окуу процессинде жана окуудан тышкары учурда да жүргүзүлөт. Окуу жылынын башталышында 1-4-курстарды тайпаларга Нурматова Г.А., Жолдубай кызы Н., Акунова А.М., Кадыр уулу А., Искакова Э.И., Сатыбалдиева А.К., Айдашов Н.С., Кожобекова Н.К., Кулчороева А.К., окутуучуларга бекитилген. Тайпалардын кураторлору окуу процессинин жүрүшүндө иштелип чыккан иш чаралардын планы боюнча студенттер менен жыйналыштарды өткөрүштү. Окутуучулар, факультеттин деканы бекиткен нөөмөт графиги боюнча 5-жатаканада кезметчи болушту. Кураторлор ошондой эле биздин студенттер жашаган 7-жатакананын абалы, студенттердин турмушу менен таанышышты. Кураторлор студенттердин ата-энелери менен жолугушуу өткөрүп балдары кантип окуп жаткандары тууралуу маалымат берип, алардын сабакка катышуусу, окуу жылына контрактарды төлөө боюнча иш чараларды өткөрүштү. Биздин студенттер университет, факультет тарабынан уюштурулган бардык иш чараларга активдүү катышышат. Ноябрь айынын аягында «1-курстун студенттерин тосуп алуу» аземи 2-3-4 курстар тарабынан уюштурулду. Ч.Т. Айтматовдун 90 жылдыгына карата спектакль, футбол боюнча спартакиада, КРнын Мамлекеттик Кадр кызматынын жетекчилиги тарабынан тегерек стол өткөрүлдү. Репрессия боюнча тарыхчы Болот Абдрахманов студенттерге лекция өткөрдү. Студенттер тарабынан репрессияланган адамдардын эстеликтерине гүлчөлөр коюлду. КРнын Жогрку

Кеңешине 1-2 курстун студенттери экскурсияга барып келишти. 1-курстун студенттери аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө өз жардамдарын көрсөтүштү. Декабрь айында 4- курстар тарабынан Жаңы жылдык кече уюштурулду.

## 7.Долбоорлор


Мамлекеттик жана муниципалдык факультети 2016- жылдан баштап Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы тарабына өткөрүлүп жаткан мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды мамлекеттин эсебинен окутуу проектисине тендер аркылуу катышып, региондорду өнүктүрүүгө өз салымын кошуп келе жатат.

Факультет 2016 жылы 734 400 (жети жүз отуз төрт миң төрт жуз) сом – 438 сертификат;

2017 жылы 2 325 156,2 (эки миллион үч жүз жыйырма беш миң жүз элүү алты) сом утуп алып 1100 сертификат:

2018 жылы – 1 575 250 ( бир миллион беш жүз жетимиш беш миң эки жүз элүү) сом 750 сертификат берилди.

Диаграмма 5.





## 8. Мамлекеттик жана муниципалдык факультетинин материалдык-техникалык базасы

Факультеттин материалдык-техникалык базасы төмөндөгүлөрдөн турат:
7 компьютер, 3 принтер, 1 ноутбук жана 1 проектор.

**Факультеттин тапкан кирешеси жана чыгашасы 2016-2018 жж.:**

| № | Жылдары | Кирешеси | Чыгашасы |
|---|---|---|---|
| 1. | 2016-2017жж. | 8 378 200 сом | 2 094 550 сом |
| 2. | 2017-2018жж. | 10 487 100 сом | 2 094 550 сом |
| 3. | 2018-2019жж.- | 11 531 000 сом | - |

Диаграмма 6.




**Мамлекеттик жана муниципалдык**
**башкаруу факультетинин деканы,доцент К.Ж.Базакеева**